**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ**

**АППАРАТ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

№ Т-4429

720003, Бишкек ш., Т.Абдумомунов көч., 207
720003, г. Бишкек, ул. Т.Абдумомунова, 207
720003, Bishkek, 207 T.Abdumomunov st.

« 22 » 04 2021

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы**

Жалал-Абад облусу,
Базар-Коргон району,
Ооган-Талаа айылы,
Н. Укубаева көчөсү, 121
Н. Темировго

Жооп кайтарууда биздин чыгыш № таянуу керек.
При ответе ссылка на наш исх. № обязательна.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун атына Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районуна караштуу Ооган-Талаа айылынын тургуну Н. Темиров 2021-жылдын 11-апрелиндеги жергиликтүү кеңештерге болгон шайлоодо Ооган-Талаа айылындагы №2153 шайлоо участкасында мыйзамсыз көрүнүштөргө жол берилгендигин белгилеп, аларга карата тийиштүү чара көрүүнү суранып кайрылгандыгын билдиребиз.

Ушуга байланыштуу аталган жарандын кайрылуусун тиешелүүлүгүнө жараша Сиздердин карооңуздарга жөнөтөбүз. Кароонун жыйынтыгы тууралуу арыз ээсине жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына маалымдап коюңуздарды суранабыз.

Экинчи дарекке маалымат үчүн.

Тиркеме:___баракта.

**Жарандардын кайрылуулары менен иштөө бөлүмүнүн башчысынын орун басары** **Ч.Д. Жаныкеева**

Ө.З. Эркебаев, 66-50-08

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-07/1390
22. 04 2021 ж/г

006366 *

столбаларды орнот деп элдин көзүнчө айткан, бирок ал сөзү жел сөз болуп калды.

Кыргыз Республикасынын Борбордук Шайлоо Комиссиясынын өкүлү Тынчтык Шайназаров Базар Коргонго барып, жаштарга аябай катуу убаларын берип келген, кайра шайлоо болот .мыйзам бузгандар жазаланат деп, бирок ал убадалар аткарылбады.

Биздин айылдыктардын чыдамы аябай кетти, тезирек буларга мыйзам чечинде жаза көрүңүздөрдү суранабыз. Президентибиз коррупция менен күрөш баштады эле, элдер угуп аябай сүйүнгөн, бирок биздин райондогу күч структуралары мындай коррупциялык иштерди көрсө да көрмөксөн болгону элдин.. бийлике ишенимин кетирип атат. Биздип талап №2153 УШК төрайымы Кадырова Ф. мыйзам чегинде жаза алсын, Базар Коргон АШК Кадыровага 2 жолу катуу эскертүү берүү менен элди алдап келет 2 жолу катуу эскертүү деген мыйзамда жок болуш керек. №2153 УШК төрайымы Кадырова Ф. жумуштан кетсин мындан ары окуучуларга кантип тарбия берет, эмне корупцияны үйрөтөбү?? ошондуктан Кадыровага  Районого мугалима болуп иштей алабы деген сунуш берүңүздарды суранабыз. №17 С.Далбаев атындагы орто мектебинин директору Өмурзакова Д. шайлоону бурмалап, административдик күч колдонгону, шайлоо бюллетенин өз билгендей санап, мен айткандай болот деген сөзү үчүн мыйзам чечинде жоопберсин, Районого директорлук кызматта иштей алабы деген сунуш киргизилсин.Жогоруда корсотулгон фактылардын негизинде териштирүү башталсын жана  Айылдык Кеңештин депутатыгана талапкер Абдыкадыров Мирлан Нурканбековичке шайлоочулары берген 258 (эки жүз элүү сегиз) добушун мыйзамдаштырып беришиңерди суранам.

Арыз ээси    Темиров Н.А.

17 апрель 2021 жыл

3